DOI:10.26104/NNTIK.2019.45.557

НАУКА, НОВЫЕ ТЕХНОЛОГИИ И ИННОВАЦИИ КЫРГЫЗСТАНА, № 10, 2020

*Беделова К.А.*

# ЖАЗГЫЧ АКЫНДАРДЫН ЧЫГАРМАЛАРЫН ЖОГОРКУ ОКУУ ЖАЙЛАРДА ОКУТУУДА СТУДЕНТТЕРДИ «КОМПЕТЕНЦИЯ» ЖАНА «КОМПЕТЕНТТҮҮЛҮК» ТҮШҮНҮКТӨРҮ МЕНЕН ТААНЫШТЫРУУ

*Беделова К.А.*

# ОЗНАКОМЛЕНИЕ СТУДЕНТОВ ВЫСШИХ УЧЕБНЫХ ЗАВЕДЕНИЙ С ПОНЯТИЯМИ «КОМПЕТЕНЦИЯ» И «КОМПЕТЕНТНОСТЬ» ПРИ ИЗУЧЕНИИ ПРОИЗВЕДЕНИЙ ПОЭТОВ ПИСЬМЕННИКОВ

*K.A. Bedelova*

# FAMILIARIZATION OF UNIVERSITY STUDENTS WITH THE CONCEPTS OF «COMPETENCE» AND «COMPETENCE» WHEN STUDYING THE WORKS OF POETS AND WRITERS

*УДК: 37:378.016/.09:37/476.126*

*Макалада алгач «компетенция», «компетенттүүлүк» түшүнүктөрүн өзүнчө бир багыт, концепция катары алгач аңдап туюнуу качан, кандайча башталганы тууралуу маалымат берилди. Андан соң «компетенция», «компетенттүүлүк» деген эмне экени тууралуу окумуштуу педагогдордун, окумуштуу психологдордун айткандары, булардын энциклодепияларда, сөздүктөрдө чечмелениши жайында кеңири сөз жүрдү. Ушунда жалаң эле алыскы жана жакынкы чет өлкөлүк окумуштуулардын айткан көз карашпикирлери менен чектелбей, өзүбүздүн окумуштуулардын да айтып, жазгандарына таянуу аракетинде болдук. Акырында «компетенция», «компетенттүүлүк» түшүнүктөрүнүн негизин түзүүчү элементтердин тизмеги, алардын чечмелеништери келтирилди. Макаланын материалдары жазгыч акындардын чыгармаларын ЖОЖдордо окутуу ишине өз салымын кошот го деген ишенимдебиз. Макала ЖОЖдордун филологиялык факультеттеринин окутуучуларына, студенттерине деп арналып жазылды.*

***Негизги сөздөр:*** *багыт, компетенттүүлүк, ишмердүүлүк, заманбап педагогика, билим, билгичтик, көндүм, усул, мүмкүнчүлүк, жөндөмдүүлүк, даярдык, натыйжа, тажрыйба.*

*В начале статьи даны сведении о возникновении и начала применении понятий «компетенция» и «компетентность как самостоятельное направление и как своеобразная концепция. Затем шло подробное объяснение об суждений ученых педагогов и ученых психологов о сущности понятий «компетенция» и «компетентность» и о толкованиях этих понятий в энциклопедиях и словарях. Здесь мы не ограничились мнениями ученых дальнего и ближнего зарубежья, также старались опираться мнениям местных ученых педагогов. В завершении приведены составляющие основы понятий «компетенция» и компетентность», список элементов и их толковании. Мы уверены, что материалы статьи вносят свой вклад в процесс изучение произведений поэтов письменников в вузах. Статья написана для пользовании преподавателей и студентов филологических факультетов вузов.*

***Ключевые слова:*** *направление, компетентность, деятельность, современная педагогика, знание, умение, навык, метод, возможность, способность, готовность, результат, опыт.*

*The article begins with information about the origin and application of the concepts of "competence" and " competence as an independent direction and as a kind of concept. Then there was a detailed explanation of the opinions of scientists, teachers and psychologists about the essence of the concepts of "competence" and "competence" and the interpretation of these concepts in encyclopedias and dictionaries. Here we did not limit ourselves to the opinions of scientists from far and near abroad, but also tried to rely on the opinions of local scientists and teachers. Finally, the components of the concepts of "competence" and" competence", a list of elements and their interpretation are given. We are sure that the materials of the article contribute to the process of studying the works of poets of the written language in higher education institutions. The article is written for the use of teachers and students of philological faculties of higher education institutions.*

***Key words****: direction, competence, activity, modern pedagogy, knowledge, ability, skill, method, opportunity, ability, readiness, result, experience.*

Эки деңгээлдик жогорку билим берүүдө кыргыз адабиятын – жазгыч акындардын чыгармачылыктарын компетенттүүлүккө негиздеп окутуунун жалпы маселелерине киришүүдөн мурда «компетенция», «компетенттүүлүк» түшүнүктөрүн чечмелеп алуу зарылдыгы бар. Алгач буларды өзүнчө бир багыт, концепция катары аңдап туюнуу качантан тарта, кандайча башталганын тактап алуу ылайык болуп турат.

DOI:10.26104/NNTIK.2019.45.557



Белгилүү болгондой, «компетенция», «компетенттүүлүк» термин-түшүнүктөрү XX кылымдын 60-жылдарынын аяк ченинде бири-биринен көз карандысыздыкта дүйнөнүн бир катар өлкөлөрүндө: СССРде, АКШда, Улуу Британияда, Францияда жана Германияда колдонууга киргизилип баштаган. Ошол жылдары америкалык футуролог Элвин Тоффлер өзүнүн «Футурошок» аттуу эмгегинде: «Студенттер эски идеяларды четке кагып, аларды качан жана кандайча алмаштырууга үйрөнүүлөрү керек. Кыскартып айтканда, алар окуп-билим алууга, билимдерин улам кайталап жогорулатууга үйрөнүүлөрү зарыл. Эртеңки күндүн сабатсыз адамы болуп китепти окуй албаган эмес, окуп-билим алууга үйрөнбөгөн адам эсептелинет» [1, 167-б.], - деп жазып, ар нерсени, ар бир ишти, милдетти алып барууда компетенттүү болуунун маанилүүлүгүн белгилеп кеткен. Компетенцияга, компетенттүүлүккө негизденген билим берүү АКШда ошол өткөн кылымдын 70-жылдарында түзүлүп калыптанды. Массачусетс университетинин профессору Н.Хомский 1965-жылы «компетенция» түшүнүгүн тил илиминин теориясында колдонулуусуна ылайыктап төмөндөгүчө деп жазат: «… биз компетенция (сүйлөөчү менен угуучунун өз тилин билүүсү) менен пайдалануунун (айкын жагдайларда тилди реалдуу пайдалануу) ортосундагы фундаменталдуу айырмачылыкты келтиребиз. Пайдалануу идеалдаштырылган учурда гана компетенциянын түздөн-түз чагылдырылышы болуп эсептелинет» [2, 9-б.].

Дүйнөлүк билим берүү практикасында компетенттүүлүк түшүнүгү борбордук, өз алдынчалуу «түйүндүк» түшүнүк эсебинде, себеби инсандын компетенттүүлүгү: биринчиден, билим берүүнүн интеллектуалдык жана практикалык түзүмүн өзүнө камтып турат; экинчиден, компетенттүүлүк түшүнүгүндө билим берүүнүн мазмунунун интерпретациясынын идеологиясы орун алат; үчүнчүдөн, инсандын компетенттүүлүгү интегративдик табиятка ээлик кылат, андан да ал маданияттын жана ишмердүүлүктүн кеңири чөйрөсүнө тийиштүү бир катар бир тектүү же бири-бирине жакын билимдерди жана тажрыйбаны өзүнө камтыйт.

Инсандын компетенттүүлүгү белгилүү бир түзүмгө ээ, мунун түзүмдүк бөлүктөрү адамдын күнүмкү, кесиптик жана социалдык жашоонун ар түрдүү көйгөйлөрүн чечүүгө карата жөндөмдүүлүгү менен байланышкан.

Инсандын компетенттүүлүгүнүн түзүмүндө төмөндөгүлөр камтылган:

– өз алдынча таанып-билүү ишмердүүлүгү чөйрөсүндөгү компетенттүүлүк;

– жарандык-коомдук ишмердүүлүк чөйрөсүндөгү компетенттүүлүк;

– социалдык-эмгектик ишмердүүлүк чөйрөсүндөгү компетенттүүлүк;

– маданий-эс алуу ишмердүүлүк чөйрөсүндөгү компетенттүүлүк.

Инсандын компетенттүүлүктүн белгилүү бир деңгээлине жетишүү процессинде калыптануучу билимдеринин жана практикалык тажрыйбаларынын ичинен негизгилери болуп өз алдынча билим алуу, сынчыл ойлом, өз алдынча иштөө, өзүн өзү уюштуруу жана өзүн өзү текшерүү, топто иштөө, чечилиштин ар кандай варианттарынын натыйжаларын жана кесепеттерин прогноздой билүү, себептик-натыйжалык байланыштарды аныктоо, проблемалык кырдаалды түзө билүү жана чечүү көндүмдөрү эсептелинет.

«Компетенция», «компетенттүүлүк» түшүнүк-проблемасынын билим берүү системасына киргизилүү, орун алуу процессин методист-окумуштуу И.А.Зимняя шарттуу түрдө үч этапка бөлүштүрөт:

***Биринчи этап*** (1960–1970-ж.) – илимий аппаратка «компетенция» категориясын киргизүү, «компетенция», «компетенттүүлүк» түшүнүктөрүн ич ара ажырымдоого өбөлгөлөрдүн түзүлүүсү менен мүнөздөлөт. Мына ушул учурдан тарта тилдерге үйрөтүүнүн трансформациялык грамматикасынын жана теориясынын нугунда тилдик компетенциянын ар кыл түрлөрүн изилдөө, «коммуникативдик компетенттүүлүк» түшүнүгүн колдонууга киргизүү иштери башталат (Д.Хаймс).

***Экинчи этап*** (1970-1990) – компетенция, компетенттүүлүк категорияларынын тилди (бөтөнчө чет тилин) үйрөтүүнүн теориясында жана практикасында, башкаруу кесипкөйлүгүндө, жетекчиликте, менеджментте, алака-катышка үйрөтүүдө колдонулуусу менен мүнөздөлөт. Мына ушунда «социалдык компетенциялар/компетенттүүлүк» түшүнүктөрүнүн мазмуну иштелип чыгылат. Психолог окумуштуу Дж. Равендин (1902-1970) 1984-жылы Лондондо жарык көргөн «Азыркы коомдогу компетенттүүлүк» аттуу эмгегинде компетенттүүлүктүн кеңири чечмеленип түшүндүрүлүшү берилген [3, 253-б.].

Компетенттүүлүктү изилдөөнүн ***үчүнчү этабы*** (1990-жылдан тартып) билим берүүгө тийиштүүлүктө А.К. Маркованын эмгектеринин жарык көрүшү (1993, 1996) менен мүнөздөлөт, бул жерде психологиянын жалпы контекстинде кесиптик компетенттүүлүк атайын ар тараптуу изилдөөнүн предмети болуп баштайт. Л.М.Митинанын жазганына ылайык, «педагогикалык компетенттүүлүк» түшүнүгү билимдерди, билгичтик-

DOI:10.26104/NNTIK.2019.45.557



терди жана көндүмдөрдү, ошондой эле ишмердүүлүктө, алака-катышта, инсанды өнүктүрүүдө (өзүн өзү өнүктүрүүдө) аларды ишке ашыруунун ыкмаларын жана жолдорун өзүнө камтыйт [4, 14-16-бб.]. Мында ошондой эле «компетенттүүлүктүн татаал интегративдик табияты баса көрсөтүлгөн» [5, 46-б.]. Белгилей кетсек, компетенттүүлүк проблемасын иштеп чыгууда Н.В.Кузьмина, Л.А.Петровская, А.К. Маркова, Л.М. Митина, Л.П.Алексеева, Н.С. Шаблыгина, Г.И. Сивкова ж.б. изилдөөчүлөрдүн салымы өзгөчө чоң.

Эми «компетенция», «компетенттүүлүк» термин - түшүнүктөрүнүн өзүнө келсек, булардын өз ара катышта чечмеленишинин эки варианты бар: же окшоштурулуп дал келтирилет, же майдаланып дифференцирленет. Биринчи варианттагыга ылайык, компетенция төмөндөгүдөй болуп аныкталат:

«1. Кайсы бир нерсени же милдеттүүлүктү жакшы жана натыйжалуу бүтүрүүгө карата жөндөмдүүлүк.

2. Жумушка орношууда коюлуучу талаптарга ылайык келүү.

3. Өзгөчөлүү эмгектик милдеттерди аткарууга жөндөмдүүлүк» [6].

Экинчи вариантта болсо бул эки түшүнүк өз ара байланыштуулукта болгону менен, өз-өздөрүнчө каралышат. Андыктан бул «компетенция» жана «компетенттүүлүк» түшүнүктөрүн бири-биринен айырмалоо зарыл.

Белгилей кетсек, бул «компетенция», «компетенттүүлүк» түшүнүктөрү мурда эле турмуш-тиричиликте кандай болсо, так эле ошондой эл чарба тармактарында кеңири колдонулуп келген, андыктан бул термин-түшүнүктөрдү мурда жарык көргөн ар кыл түрдүү сөздүктөрдөн кездештирүүгө болот. Мисалы, Т.В. Егорованын «Азыркы орус тилинин чет эл сөздөрүнүн сөздүгүндө» төмөндөгүдөй аныктама келтирилген: «компетенция (лат. competentia – укуктук жактан тийиштүү) – суроолор топтому, буларды чечмелөөдө айрым бир жеке адам артыкчылыктуу мүмкүнчүлүктөргө ээ экендиги, билгиликтүүлүк жана тажрыйба; 2) ыйгарым укуктардын аныкталып коюлган алкагы, маселелердин жана кубулуштардын кимдир бирөөнүн алып баруусу тийиштүүлүгүндөгү топтому» [7, 337-б.]. Д.И.Ушаковдун «Түшүндүрмө сөздүгүндө бул эки түшүнүк төмөндөгүчө чечмеленет: «компетенттүүлүк – маалыматтуулук, кадыр-барктуулук, ал эми компетенция – маселелер, кубулуштар топтому, буларда жеке адам кадыр-барктуулукка, таанып-билүүчүлүккө, тажрыйбага ээлик кылат» [8].

Айрым энциклопедиялык сөздүктөрдө, мунун ичинде «Советтик энциклопедиялык сөздүктө» «компетенция» жана «компетенттүүлүк» түшүнүктөрүн дээрлик бири-биринен айырмалашпайт. Карайлы.

«Компетенция – кайсы бир ишмердүүлүктү натыйжалуу аткаруу үчүн зарыл билимдердин, көндүмдөрдүн, билгичтиктердин, иш-аракет ык-амалдарынын жана психологиялык даярдыктын жыйындысы. Компетенттүүлүк – инсандын адам баласы кайсы бир компетенцияга ээлик кыларын көңүлгө алуучу жекече сапаты» [9].

Эми бул эки термин-түшүнүктү өз-өзүнчө жакындан чечмелеп көрөлү.

Психологиялык-педагогикалык адабияттарда компетенция категориясынын жалпы кабылданган аныктамасы жок. Азыркы заманбап педагогикада **компетенция** төмөндөгүчө түшүндүрүлөт:

– кесипкөйлүктүн жекеликтүүлүк курамдык бөлүгү;

– адистин даярдалышынын сапаттуулугунун натыйжасы жана критерийи;

– билим берүүнүн мазмунун өркүндөтүп өнүктүрүүнүн практикалык чагылдырылышы.

Экономика илимдеринин доктору, профессор Лукашенко Мария Анатольевна өзүнүн макаласында бул термин-түшүнүктөргө төмөндөгүдөй аныктама берет: «Компетенция – бул предметтик аймак, мында жеке адам жакшы маалыматтуу жана ишмердүүлүктү аткарууга даяр экени көрүнөт, ал эми компетенттүүлүк – инсандын бүтүрүүчүнү белгилүү бир тармакта ишмердүүлүктү жүзөгө ашыруу үчүн даярдоосунун натыйжасы катары көрүнүүчү сапаттарынын кошундү мүнөздөмөсү» [10]. Бул аныктамалардын кыскача маани-маңызын, ток этер жерин айтсак, компетенция – бул билим, ал эми компетенттүүлүк – билгиликтүүлүк (иш-аракет). Дагы бир изилдөөчү Коляда Светлана: «Компетенция – бул укуктардын жана ыйгарым укуктардын алкагы, анын алкактарында адам эмне талап кылынса ошону аткарып жана мыктылап билүүсү керек. Тактап айтканда, компетенция түшүнүгү компетенттүүлүк түшүнүгүн өзүнө камтыйт, бирок таптакыр эле анын көчүрмөсү эмес. Мында компетенциянын чектеринде компетенттүүлүккө ээ болуу керек деп айтса ылайыктуудай. Ал эми компетенттүүлүк – бул адамдын аткара алган, билген нерсеси» [11], – деп жазат. Педагогика илимдеринин кандидаты, доцент Гоферберг Александр Викторович өзүнүн «Технология жана ишкердик факультетинин студенттеринин маалыматтык компетенттүүлүгүн калыптандыруу» аттуу диссертациялык ишинде компетенттүү-

DOI:10.26104/NNTIK.2019.45.557



лүккө төмөндөгүдөй аныктама берет: «Компетенттүүлүк – бул адамдын реалдуулукту адекваттуу жана терең түшүнүү, өзү аракетте болчу кырдаалды туура баалоо жана өзүнүн билимин туура колдоно алуу жөндөмдүүлүгү. Иш жүзүндө компетенттүүлүк – бул адамдын проблеманы чечүү мүмкүнчүлүгү, жөндөмдүүлүгү» [12, 8].

**«Компетенция»** түшүнүгү басымдуу төмөндөгүлөрдү белгилеп көрсөтүү үчүн колдонулат:

– бүтүрүүчүнүн, адистин алдыга коюлган милдеттерди аткарууда тийиштүү усул-ыкмаларга, ишмердүүлүк каражаттарына ээ экендигин, аларды ишке ашыра алуу мүмкүнчүлүгүн, алган билиминин, кесиптик даярдыгынын натыйжалуулугун;

– адистин өз алдына максат-милдеттерди коё билип, алардын аткарылышына мүмкүнчүлүк берүүчү билимдердин, билгичтиктердин жана көндүмдөрдүн топтомуна ээ экенин.

Демек, **«компетенттүүлүк»** дегенде көбүнчөсү инсандын окуп-үйрөнүү процессине өз алдынчалуу жана ийгиликтүү катышуусу көңүлгө алынып, андагы билимге жана тажрыйбага негизденген жалпы жөндөмдүүлүгүнөн жана даярдыгынан улам келип чыгуучу интегралдык сапаты түшүнүлөт.

Бул термин-түшүнүктөр тууралуу өзүбүздүн окумуштуулардын көз караш-пикирлерине келсек, профессор А.Муратовдун аныктоосунда: «компетенттүүлүк – бул натыйжалуу жыйынтыктарга жетишүү үчүн ыңгайлуу жүрүш-туруш модели, алгоритм, кыймыл-аракеттерди ишке ашыруунун жолдору» [13, 61-б.]. Профессор Б.Акматовдин пикиринде «компетенттүүлүк – билим берүүнү жолго коюучу мазмундук жана формалык жаңылануу катары сунушталып жаткан жаңы багыт» [14, 71-б]. Ал эми профессор Б.Оторбаевдин чечмелеп түшүндүрүүсүндө: «компетенттүүлүк – бул инсандын түзүлгөн компетенциянын негизинде кайсы бир ишмердүүлүктү аткарууга карата билгиликтүүлүгү, жөндөмдүүлүгү, мүмкүнчүлүгү, тийиштүү көндүмдөргө ээ экени» [15, 156-б.].

Демек, компетенция адистин белгилүү бир тармак боюнча жакшы маа-лыматтуу болушун, билимдерге, тийиштүү тажрыйбаларга ээ экендигин билдирет. Дагы тактасак, компетенция – бул кайсы бир ишмердүүлүктү алып барууга, ошондой эле окутуп-үйрөтүү ишиндеги окуу предметин, өздөштүрүүгө делинген билимдердин, билгичтиктердин жана көндүмдөрдүн топтому, буларды алып барууга, ээлик кылууга болгон мүмкүнчүлүк.

Ал эми компетенттүүлүк – бул адамдын аткара алган, билген нерсеси, реалдуулукту адекваттуу жана терең түшүнүү, өзү аракетте болчу кырдаалды туура баалоо жана өзүнүн билимин туура колдоно алуу, проблеманы чечүү мүмкүнчүлүгү, жөндөмдүүлүгү, кайсы бир ишмердүүлүктү аткарууга карата билгиликтүүлүгү, тийиштүү көндүмдөргө ээ экендиги делип кабылданганы туура болчудай.

Профессор Б.Оторбев «компетенция», «компетенттүүлүк» түшүнүктөрүнүн негизин түзүүчү элементтерди төмөндөгүчө аныктап берет:

**«Билимдер** – бул ишти аткаруу үчүн талап кылынуучу фактылардын жыйындысы. Билимдер адам эмгектенген интеллектуалдык контекст эсебинде көрүнөт.

**Көндүмдөр** – бул белгилүү бир милдетти аткаруунун каражаттарына жана усулдарына ээлик кылуу. Көндүмдөр үчүн жалпы болуп алардын конкреттүүлүгү эсептелинет.

**Жөндөмдүүлүк** – белгилүү бир милдетти аткарууга тубаса ийкемдүү болуу. Жөндөмдүүлүк мааниси жагынан бөтөнчө шыктуулук түшүнүгүнө жакындашат.

**Өзүн алып жүрүүнүн бир калыптуулугу** милдеттерди аткаруу үчүн жүзөгө ашырылуучу ишаракеттердин көзгө көрүнгөн формаларын билдирет. Өзүн алып жүрүү кырдаалга карата мурасталып алынган жана кийинчерээк иштелип чыккан мамилелерди жана да кырдаалдык дүүлүктүргүчтөрдү өзүнө камтыйт.

**Чымыркануу** – бул менталдык, денелик ресурстарды белгилүү бир ба-гытка аң-сезимдүү түрдө жумшоо. Чымыркануу жумушчу этиканын өзөгүн түзүп турат. Адамдын жөндөм-шыгынын жетишсиздигин же орточо жөндөмдүү-лүгүн кечирүүгө болот, бирок жетишсиз чымыркануу түк кечирилбейт» [15, 157-б.].

Жазгыч акындардын чыгармачылыктарын ЖОЖдордун филологиялык факультеттеринде компетенттүүлүккө негиздеп окутуп-үйрөтүүдө эң эле биринчи иретте мына ушул «компетенция», «компетенттүүлүк» термин-түшүнүктөрүнүн ички маанимаңызын, чечмеленишин жакындан аңдап-түшүнүп, анан барып гана окутуу ишине киришилгени бөтөнчө зарыл.

**Адабияттар:**


1. Тоффлер Э. Футурошок. - СПб.: Лань, 1997. - 461 с.
2. Хомский Н. Аспекты теории синтаксиса. - М.: Изд. Московского университета, 1972. – 260 с..
3. Равен Джон. Компетентность в современном обществе. Выявление, развитие и реализация. - М., 2002. - 396 с.
4. Зимняя И.А. Ключевые компетентности как результативно-целевая основа компетентностного подхода в

DOI:10.26104/NNTIK.2019.45.557




образовании. Авторская версия. - М.: Исследовательский центр проблем качества подготовки специалистов, 2004. - 42 с.

5. Митина Л.М. Психология труда и профессионального развития учителя. - М.: Академия, 2004. - 320 с.
6. Глоссарий терминов рынка труда, разработки стандартов образовательных программ и учебных планов. Европейский фонд образования. ЕФО, 1997. (Интернет-ресурс)
7. Егорова Т.В. Словарь иностранных слов русского языка. - М.: Аделант, 2014. - 800 с.
8. Толковый словарь русского языка. Под редакцией Д.Н. Ушакова (Интернет-ресурс).
9. Советский энциклопедический словарь / гл. ред. А.М. Прохоров. 4-е изд., испр. и доп. - М.: Советская энциклопедия, 1989. –1633 с.
10. Лукашенко М.А. Профессиональные компетенции руководителя как фактор конкурентоспособности компании // Современная конкуренция. - 2009. - №6.
11. Коляда С.В. Коммуникативная компетенция руководителя // Бизнес-Ключ. - 2007. - №10.
12. Гоферберг А.В. Формирование информационной компетентности студентов факультета технологии и предпринимательства / Автореферат диссертации на соискание ученой степени кандидата педагогических наук. – Новокузнецк, 2006. - 24 с.
13. Муратов А. Кыргыз адабиятын окутуу: теориясы жана практикасы. - Б.: Турар, 2013. - 554 с.
14. Акматов Б.М. Кыргыз адабиятын жогорку окуу жайларында компетенттүүлүккө негиздеп окутуунун технологиясы. Монография. - Б.: Фаст принт, 2016. - 456 с.
15. Оторбаев Б.К. Кыргыз адабиятын окутуунун методикасы. Окуу китеби. – Б.: Айат, 2020. – 560 с.